# ТРАКТОРЛОР АР ДАЙЫМ ДАЯР БОЛСУН

Кыргыз МИСинин тажрыйба чарбасында техника ремонттоонун өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Кийинки жылдарда биздин станциянын машина-трактордук паркынын техникалык жактан жаңыча тейлөө системасына өткөндүгүн айрыкча белгилей кетүү керек. Кыртыштарды иштетүүчү куралдарды, сеялкаларды, комбайндарды биз талаа жумуштары аяктагандан кийин эле дароо ремонттойбуз. Бул аларды эксплуатацияга берүүнүн алдында орун алган кемчиликтерди оперативдүү түрдө четтетүүгө, жараксыз деталдарды өз убагында алмаштырууга мүмкүндүк берет.

Өткөн жылы техниканы ремонттоодо 15,3 миң сом үнөмдөлгөн. Бул факты мамлекеттик каражатты билгичтик менен пайдаланып жаткандыкка күбө боло алат.

Дан эгиндеринин жана башка комбайндардын ремонтуна даярдык көрүүнү биз айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдөрүн жыйноо мезгилинде жүргүзөбүз. Дефективдүү ведомосту алдын ала түзүп чыгып түшүм жыйноо жумуштары актагандан кийин техниканы ремонттоого киришебиз.

Кийинки жылдарда машина-трактор паркындагы машиналардын ар түрдүүлүгү кыскартылды. Ушунун натыйжасында техникалык тейлөө жана техниканы ремонттоо жеңилдетилди. Жазгы талаа жумуштарынын учурунда жана түшүмдү жыйноо мезгилинде талааларга «АТУ-А» агрегаттары жана мастер наладчиктер чыгарылат. Наладчиктер техниканы сарамжалдуулук менен тейлеп турушат. Бул ар бир трактордун жана башка бай иштетилишине шарт түзөт жана жылдын аягында ремонт үчүн аз чыгым жумшоону камсыз кылат.

«АТУ-А» бир агрегатынын эки мастер наладчикти кошкондо биздин чарбабыздагы иш көрсөткүчү 32,38 трактордун ишин түзөт. Бул белгиленген нормативге толук ылайыктуу келет.

Техниканын эскирип кетишин азайтуу жана машиналарды ремонттоодо, каражаттарды жумшоону кыскартуу системасында биз маанилүү орун талааларды кылдаттык менен пландаштырууу жана ирригациялык тармактардын абалын жакшыртуу деп эсептейбиз. Бул чараларга чарба тарабынан жыл сайын жетиштүү өлчөмдө каражат бөлүнөт.

Тракторлорду өндүрүмдүү пайдаланууда жерлерди узун загондо айдоонун жана ошондой эле катар аралыктарды иштетүүнүн мааниси өтө зор. Жер айдоочу ДТ-54 агрегаты П-5-35 сокосу менен 600-1000 метр аралыкка жүргөндө кайрыла турган жерлерде жумуш убактысынын төрт процентке чейинкисин чыгымдайт. Ал эми ошол эле трактор узундугу 1500 метр аралыкка жүргөндө тигил чыгымдын жарымына чейин кыскарат. Ошондуктан биздин жер иштетүүчү отряддарыбыз жылдан жылга жаңы методдорду колдонуу менен жерди иштетүүнүн маданиятын кескин түрдө жогорулатышып, жакшы көрсөткүчтөргө ээ болуп келе жатышат.

Мына ушундай факторлордун натыйжасында техника тетилет. Муну биз өзүбүздүн тажрыйбабыздан ачык көрдүк.

Чарбада машина-трактор паркын пайдаланууга терең анализ жүргүзүлүп турат. Отчеттук маалыматтар биздин чарбабызга жылдан жылга шарттуу айдоодо иштетүүнүн өсүп жаткандыгына ачык күбө болууда.

Быйылкы жылы биз ремонтту мөөнөтүнөн мурда бүткөрүүнү жана техникалык каражатты пайдаланууга жакшы даярдоону пландаштырдык. Ремонтчуларыбыздын жана бардык механизаторлорубуздун кужурмөн эмгектеринин натыйжасында бул милдет ийгиликтүү орундалат.

Техниканы ремонттоого трактористтер - машинисттер толук катышууда. Алар өз иштерин жакшы билишкен жогорку квалификациялуу адистер. Алардын акылдуу кеңештери жана билгич колдору ремонтту тез аяктоого мүмкүндүктөрдү берет. Бир катар мыкты механизаторлордун ысымдарын атап кетүүгө болот. Виктор Дзуба, Валентин Белоненко, Иван Васелюк, Анатолий Топорков, Антон Марков жана башкалар ремонтчуларыбызга жакшы жардам көрсөтүп жатышат.

Биздин механикалык мастерскойдун жумушчулары техниканы ремонттоону графикте белгиленген мөөнөттөн беш күн мурда аяктоону чечишти. Алардын сөздөрүнө бекем тура тургандыктарында шек жок.

**И. ТКАЧЕВ.**

**биздин штаттан тышкар-**



«Алга» колхозунда айыл чарба техникаларын жазга даярдоо азыртан тартып уюшкандыкта жүргүзүлүп жатат. Бул жумушта машина-трактордун мастерскойдун башчысы, селолук Советтин депутаты Александр Гейнцтин жана механизатор Борис Гайхерттин эмгектик үлүштөрү зор.

Сүрөттө: (солдон оңго) механизатор Б. Гайхерт жана мастерскойдун башчысы А. Гейнц.

В. БАУЭРдин фотосу.

